УДК 37:370

*Куршад ДЕГЕР, БГУ*

# МЕВЛАНА ТАЖРЫЙБА АЛМАШУУ ПРОГРАММАСЫ

*Бул макалада учурда билим берүү системасы менен айырмаланып келе жаткан Түркия мамлекетинин мевлана тажрыйба аламашуу программасы каралган. Негизинен программа жөнүндө, анын эң негизги максаттары, башка тажрыйба алмашуу программаларынан өзгөчөлүгү жана программага катышкандарга пайдасы, мүмкүнчүлүктөрү каралып чыккан.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Мевлана, Түркия мамлекети, мевлана программасы ж.б.*

Мевлана тажрыйба алмашуу программасы өлкөнүн ичинде жана чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайлардын арасында студенттер менен окутуучулардын алмашып билим алуусуна мүмкүндүк түзгөн программалардан бири.23 – августь 2011 – жылы 28034-нускалуу газетада жарыка чыккан нуска менен бирге өлкөдөгү жана чет өлкөдөгү жогорку окуу жайларынын арасында студенттер менен окутуучулардын алмашып билим алуусуна биринчилерден болуп жол ачкан.

Башка тажрыйба алмаштыруу рограммаларынан айырмаланып дүйнөдөгү баардык өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларын ичине камтыйт.Бул программага катышууну каалаган студенттер жарым же бир жылдык окуу жылынын неигизинде, ал эми окутуучулар бир жумадан үч айга чейинки убакыт менен келип бул мүмкүнчүлүктөн пайдалана алышат. Ушул эле сыяктуу өлкөнүн баардык область жана райондорунан да студент жана окутуучулар Түркиянын жогорку окуу жайларына келип мүмкүнчүлүктөн пайдалана алышат. Мевлана тажрыйба алмашуу программасынан сырткары 2013 – 2014-окуу жылында “Эрасмус Программасы” да иш алып барган.

**Мевлана:** Мевлананын өзүнүн чыныгы аты Мухаммед Желаледдин болгон.Мевлана азыркы кезде Афганистан чек арасындагы Белх шаарында 1207-жылы туулган. Мевлана деген ысым өздөрү тарабынан жактырылып коюлган ысым болгон жана ошол бойдон тарыхта сакталып, батыш өлкөсүнө ыйык ысым болуп тараган.

XIII кылымдарда жашаган жана көптөгөн белгилүү чыгармалары менен таанылган Мевлана; “Кел не болсоң бол кел” чыгармасында белгилегендей эле адамдардын баарына бирдей караган. Адамдарга болгон өзгөчө мамилеси, адамгерчиликтүүлүгү менен бир гана ислам дининдегилерди эмес бүтүндөй адамдарды таң калтырган. Жашоого жана адамдарга болгон көз карашы менен акылман инсан болуп бүткүл дүйнөгө таанылган.ЮНЕСКО Мевлананын туулганынын 800 жылдыгын белгилөө максатында 2007-жылды Мевлана жана мээримдүүлүк жылы деп жарыялаган-.Жашоосунда билим алуу жагынан окуу жылын бир студент жана изилденүүчү катары баардык өлкөнү кыдырган.Мевлананын жашоосунда “алмашып билим алуу” маанилүү оорунга ээ. Месневи, Дивани Кебар, Фихи Мафих, Мектубат жана Межалис-и, Себа сыяктуу маанилүү чыгармалардын ээси.

**Мевлана тажрыйба алмашуу программасынын максаты:** Мевлана тажрыйба алмашуу программасынын негизги максаты өлкөдөгү жана чет өлкөдөгү билим берген жогорку окуу жайларынын арасындагы окутуучулар менен студенттерге алмашуу мүмкүнчүлүгүн куруу**.**

Мевлана тажрыйба алмашуу программасынын эң негизги максаттары:

- Түркиянын Жогорку Билим Берүү тармагын эң жетишкен борборго айландыруу;
- Жогорку окуу жайларынын санын көбөйтүү;
- Жогорку окуу жайларын башка өлкөлөр менен байланыштыруу;
- Түркиянын жетишкен жактарын**,**тарыхын, маданиятын башка өлкөлөргө тараттуу;
- Өлкөнү дагы да ар тараптан жетишүүсүнө жана башка өлкөлөргө таанылтуу максаттары менен иш алып барат.

Мевлана студенти

Мевлана тажрыйба алмашуу программасынын студенттери:

- Өлкөнү жана дүйнөнү жакындан тааныгысы келген,
- Алмашып билим алууга даяр,
- Тажрыйбалуу жана өзүнө ишенген,
- Атаандашып окууга умтулган,
- Акыл эстүү жана жоопкерчиликтүү студенттерден турат.

Мевлана алмашуу программасынын негизинде келип, чет өлкөдөн билим алып жаткан студенттер-

дин, бул программага катышкандан кийин башка “алмашуу” программаларына катышуусуна тоскоолдук болбойт. Баардык шарттарды түзүү менен бирге эле программага катышкан студенттерге стипендия да берилет. Студенттердин “алмаштыруу” программасынын негизинде бара турган окуу жайы акысыз билим берет.

**Башка алмаштыруу программаларынан өзгөчөлүгү:** Дүйнөнүн ар кайсы областтарында эл аралык уюмдардын негизинде уюштурулган эл аралык “алмашуу” программалары;Жогорку окуу жайлардын өркүндөп өсүүсүнө өз салымын кошкон. Глобалдашкан жогорку окуу жайлардын маанилүү байланыштары аркылуу Мевлана  тажрыйба алмашуу программасынын негизинде катталган, билим деңгээли жогору студенттер эрежелерге баш ийүү менен бирге дүйнө жүзүнүн каалаган жеринде билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Ушул эле эрежелердин негизинде Мевлана тажрыйба алмашуу программасы менен иштешкен өлкөдөгү жана чет өлкөдөгү жогорку окуу жайларда эмгектенген окутуучулар бул мүмкүнчүлүктөн пайдалана алышат. Бул иш чаралар жогорку окуу жайда эмгектенген окутуучунун башка жогорку окуу жайларына барып, билим берип тажрыйба топтоосуна шарт түзөт.

**Мевлана тажрыйба алмашуу программасынын студенттерге жана окутуучуларга алып келген пайдалары:** Мевлана тажрыйба  алмашуу программасы менен чет өлкөдөн билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон студенттер,эл аралык тармактарда өздөрүнүн жакшы жактарын көрсөтүп, жана ар тараптан тажрыйба алып, билимин кеңейтип, окуу жайдын, өлкөнүн маданиятын да үйрөнө алышат. Жаңы досторду күтүп, башка тилди үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон бул студенттер:окуу жылынын жана жашоосунун бир бөлүгүн чет өлкөдө өткөрүп,тажрыйба алуу менен бирге келечекте карьера кылуу жагынан да маанилүү тажрыйбаларды алышат.

Мевлана тажрыйба алмашуу программасы менен чет өлкөгө бара турган окутуучулар сабак берүү менен бирге эле башка окуу жайлардын системаларын таанып, билиптажрыйбасын арттыра алат.из өлкөсүнө кайтып баргандан кийин ал жактан алган тажрыйбасынын негизинде ар кандай конференция, проект жана семинарларды өтүү менен билим бере баштайт.

**Мевлана тажрыйба алмашуу программасына кимдер катыша алат?**

Мевлана тажрыйба алмашуу программасынын негизинде студент алмаштыруу, Түркиядагы баардык окуу жайларда (Мевлана тажрыйба алмашуу программасы менен иштешкен) күндүзгү билим берүүнүн негизинде билим алган баардык магистратура, докторантурадагы студенттер дагы катыша алат. Ушундай эле эрежелер менен жогорку окуу жайларда билим берген баардык окутуучулар катыша алат. Окутуучунун билим берүүсү жумасына алты саатан кем болбоосу керек. Окутуучулар тарабынан даярдалган иш чаралардын сааты да сабактын саатына кирет.итүлгөн сабактардын сааты жумасына алты сааты толуктабаган учурда, семинар, конференция өтүү менен толукташа болот. Билим берүүгө программалары, пландары туура келбеген окутуучулар Мевлана тажрыйба алмашуу программасынын системасына туура келбейт жана кабыл алынбайт.

**Мевлана тажрыйба алмашуу программасынын студенти болууну каалагандардан булар талап кылынат:**

- Студенттин жогорку окуу жайдан билим алып жаткандыгынын аныктыгы жана бакалавр, магистратура, докторантурада окуусу.
- Бакалавр жана магистратурада окуган студенттердин баллдары 4 баа берүү системасынан эң аз 2,5 болуусу.
- Магистратура жана докторантура студенттеринин баллдары 4 баа берүү системасынан эң аз 3 болуусу.
- 50% тил бүлүүсү кошумча  50% алган баллдары.
- Жогорку окуу жайына жаңы баштаган студенттер биринчи окуу жылында бул программага катыша алышпайт.

Программанын иштеп чыгуусундагы башкы негиздери

Мевлана тажрыйба алмашуу программасына катышууну каалаган жана баардык шарттарга баш ийген студент кантип катталса болот?

Студенттер өздөрү билим алып жаткан окуу жайдын Мевлана тажрыйба алмашуу программасы менен иш алып барган борборлорго https://mevlana:yok:gov.tr интернет адреси аркылуу формаларды кемчиликсиз, туура, так толтуруу менен каттала алат.Ошондой эле окутуучулар да ушул эле эрежелер менен катталса болот.

Мевлана тажрыйба алмашуу программасына канча жолу, канча убакытка келсе болот? Бул программага студенттер жарым же бир жылдык билим алуунун негизинде келишет жана бул убакыт эч кандай шартта узартылбайт. Ал эми окутуучулар бул программага бир жылдык окуу жылынын системасында бир эле жолу бир жумадан үч айга чейинки убакытка келишет.

**Программанын иштеп чыгуусундагы башкы негиздери**

Мевлана тажрыйба алмашуу программасына катышуу максатында барган студент окуу акысын төлөйбү? Студенттер өздөрү билим алып жаткан окуу жайдын окуу акысын төлөшөт. Ал эми бул пргограмма боюнча барып билим алуусуна төлөм талап кылынбайт.

**Программага катышкан студенттин окуудан артта калуу маселеси болобу?**

Бул программага катышып чет өлкөдөн билим алып жаткан студенттин ал жактан алып жаткан сабактарын протокол боюнча карап кайсы сабактар менен туура келсе ошол тармактан билим алып, алдыңкы студенттерден болсо, кайра өз окуу жайына барганда окуудан артта калуу маселеси жаралбайт.

**Студенттерге тиешелүү эрежелер:** Мевлана тажрыйба алмашуу программасына катышкан студенттердин билим алып жаткан убактарында стипендия берүү үзгүлтүксүз улантылат, ал эми өздөрүнүн окуу жайынын шарттары боюнча окуу акысы төлөнөт. Бул программа тарабынан төлөм талап кылынбайт. Студенттердин “алмашуу” программасында билим алып жаткан убактарындагы стипендиянын суммасы, ошол өлкөнүн экономикалык шарттарынын негизинде берилет.

Мевлана тажрыйба алмашуу программасынын негизинде стипендиялуу болгон студент 5102 нускадагы жогорку билимдүү студенттерге насыя берилүүсүнө байланыштуу мыйзамы менен бакалаврдык негизде билим алгандарга, айда төлөнүүчү стипендиянын суммасын жогорку билим берүү тармагы тарабынан каралып үч эсеге жогору кылып төлөнөт.

**Мевлана тажрыйба алмашу программасы менен бирге стипендия:** Алмашуу программасынын негизинде дүйнөнүн алыскы башка өлкөлөрүнөн Түркия-

га билим алууга келген студенттерге, жогорку билим берүү тармагы тарабынан белгиленген суммадагы стипендия төлөнөт. Алмашуу үчүн жогорку окуу жайга бөлүнгөн материалдардын жетишсиздиги келип чыкса, программанын башка шарттарына баш ийүү менен студенттердин өздөрү тарабынан же болбосо жеке стипендиялар аркылуу бул маселени чечсе болот.

**Окутуучуларга тиешелүү эрежелер;** Мевлана тажрыйба алмашуу программасынын негизинде чет өлкөгө жөнөтүлүүчү окутуучуларга 6245 – нускалуу мыйзамынын 10 этабына ылайык кошумча сабак өтүүсүнө акча төлөнөт.итүлө турган кошумча сабактардын төлөмдөрү өлкөгө жана илимий наамына жараша жогорку билим берүү тарабынан белгиленет.

Программага тиешелүү кеңири маалыматты кайсыл жактан алса болот?

Өздөрүнүн билим алып жаткан жогорку окуу жайдагы Мевлана тажрыйба алмашуу программасы менен иш алып барган борборлордон (окуу бөлүм башчыларынан)

- https://mevlana.yok.gov.tr. Интернет адресинен
- Ошондой эле жогорку билим берүү башкармалыгынын “алмашып” окуу программаларынан керектүү маалыматтарды жана документтерди алууга болот.

***Адабияттар***

1.а. 1982 Конституциянын Жогорку билим берүүгө тиешелүү 130 жана 131- статьялар;

1.б. 1982 Anayasanın Yüksek öğretim ile ilgili 130 ve 131.Maddeler;

2.а. 2922 номерлүү Түркияда билим алып жаткан чет өлкөлүк студенттерге байланыштуу мыйзам;

2.б. 2022 Sayılı Türkiye’de Öğretim Gören Yabancı Uyruklu Öğrencilere İlişkin Kanun;

3.а. 2809 номерлүү жогорку билим берүү уюмдары жөнүндө 41 – мыйзам;

3.б. 2809 Sayılı Yüksek Öğreti Kanunları Teşkilatı hakkında 41 Sayılı Kanun Hükmünde Kararnamenin Değiştirilerek Kabulüne Dair Kanun.

4. https://mevlana.yok.gov.tr